КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ ГУМАНИТАРДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК
ИНСТИТУТУ

**Р.Ж.ЗУЛПУЕВА, З.И.КӨЛБАЕВА**

# АТА МЕКЕНДИН ТАРЫХЫ КУРСУ БОЮНЧА СЫРТТАН ОКУГАН СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН ОКУУ УСУЛДУК КОЛДОНМО

**(биринчи бөлүк)**

Жогорку окуу жайлары үчүн

**Ош- 2012**

УДК 372.8
ББК 74.263.1
З-93

ОГПИнин Окумуштуулар Кеңешинин №4 (2012-жылдын 26-январындагы) чечими менен басмага сунушталды.

**Сын пикир ээлери:**
Нурунбетов Б.А. тарых илимдеринин доктору, профессор
Шарипова Р.З. философия илимдеринин кандидаты, доцент

З-93 Зулпуева Р.Ж. Көлбаева З.И.
**Ата Мекендин тарыхы курсу боюнча сырттан окуган студенттер үчүн окуу усулдук колдонмо (биринчи бөлүк);** Жогорку окуу жайлар үчүн. Ош 2012-ж. 52 бет.

ISBN 978-9967-03-759-5

Бул усулдук колдонмо жогорку окуу жайларынын бардык факультеттериндеги сырттан окуган студенттерге усулдук колдонмо катары арналат.

З 4306010600-12 УДК 372.8
ББК 74.263.1
ISBN 978-9967-03-759-5
© ОшГПИ, 2012

## Киришүү

Кыргызстандын тарыхы дүйнөлүк тарыхый процесстин составдык бөлүгү болуп саналат. Илимдин андан ары өнүгүшүнүн натыйжасында Кыргыз элинин тарыхый өнүгүшү жөнүндө монографиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, тарыхый булактар кеңейе баштады. Кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардын тарыхынын булактарынын фондусу археологиялык, эпиграфиялык жана этнографиялык материалдар менен толукталууда. Мына ушунун бардыгы тарыхый изилдөөлөрдү кеңейтүү менен анын хроникалык рамкасын кеңейтип Кыргыз Республикасынын тарыхын, өткөндөрдүн жана азыркы этаптагы өнүгүшүнө анализ берүү менен теориялык жана идеялык-саясий деңгээлде өнүгүшүн карайт.

Кыргыз элинин тарыхын Ата Мекендин жана чет элдин окумуштуулары да зор кызыгуу менен карайт. Кыргызстандын историографиясы жалпы жана атайын маалымат түрүндө чагылдырылат. Кыргыз элинин тарыхын окууда анын негизги этаптары, духовный жана материалдык маданияты, археологиялык, этнографиялык өнүгүшү каралат.

Мына ушуларды билүү менен тарыхты окутуу жаштарды патриоттук жана интернационалдык илимде тарбиялоонун бирден-бир каражаты болуп саналат. Тарых адамзат коомунун басып өткөн жолунун көп кырдуулугун үйрөтөт. Кыргыз элинде бабалардан уланып, муундан-муунга өтүп келген поэтикалык формадагы санжыралар көп.

Кыргыз элинин, Кыргызстандын эзелки доордогу жана орто кылымдардагы тарыхын чагылдырган жазуу жүзүндөгү маалыматтар да бир кыйла. Алар персиялык, гректик, кытайлык авторлорго таандык эмгектерден кездешет.

Ата Мекендин тарыхын окуп үйрөнүү адамды гумандуулукка, эмгекчилдикке, патриоттуулукка, мекенди сүйүүгө, дүйнөнүн бардык элдери менен болгон жакшылык тунук сезимге тарбиялайт.

2002-жылдын май айында Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинде «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жана өнүгүү этаптары» деген тема боюнча өткөн эл аралык илимий конференциянын катышуучулары жалпы түрк жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башаттары хунну дооруна (б.з.ч. III-I кк.) туура келет жана өздөрүнүн кийинки өнүгүүсүн Борбордук Азиянын өз алдынча мамлекеттеринин калыптануу процессинин алкагында улантышып келгендигин тастыктоо менен Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин 2003-2004-жылдарды атайын Указдын негизинде «Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн жылы» деп жарыялоону сунуш кылган. Ата Мекендин тарыхын үйрөнүү менен Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жана түптөлүү тарыхына терең анализ жүргүзүү менен ар бир Кыргызстандын атуулу өз эли жеринин патриоту болууга, Мекенди сүйүүгө жана өлкөнүн өнүгүүсүнө өз салымын кошот деген тыянакка келебиз.

## ЖАЛПЫ МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО

Бул методикалык колдонмо Ата Мекендин тарыхын окуп үйрөнүү боюнча Мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн жумушчу программасына ылайык түзүлдү.

Сырттан окуган студенттердин тарыхый-илимий булактарды пайдалана билүүсү жана сессия убагында негизги бөлүктөрү боюнча лекция өтүлөт. Эгерде студент лекцияга үзгүлтүксүз катышса ар бир темадагы окуяларды, фактыларды ырааттуу түшүнө алат жана өз алдынча даярдануусу үчүн жеңилдик болуп шарт түзүлөт.

Ата Мекендин тарыхы боюнча жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралдары өтө аз. 90-жылдардан бери Ата Мекендин тарыхында реалдуу изилдөө-иликтөө жүргүзүлүп, терең анализденип, толукталып жатат. Ошол себептүү студент ар бир өтүлгөн темага анализ жүргүзүү менен илимий булактарга тарыхчы-окумуштуулардын эмгектерине көбүрөөк таянуу керек.

Студенттерге Ата Мекендин тарыхын терең билиш үчүн тарыхый багыттагы көркөм адабияттарды, илимий–популярдуу китептерди, даректүү баяндарды мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын, коомдордун архивдик материалдарынын басылмалары сунуш кылынат.

Сырткы бөлүмдө окуган студенттер теориялык билим менен бирге текшерүү иш, курстук иш, реферат жазууну аткарышат.

Жазуу иштерин аткарууда берилген тема терең анализденип, идеялык мазмуну изилденип тандалат.

Текшерүү иштерди аткарууда төмөнкүдөй талаптарды аткаруу зарыл.

1.Сырттан окуган студенттер өз алдынча даярдыгы боюнча ар бир сабактан текшерүү иштерди жазышат.

2.Текшерүү иш аркылуу илимий булактардын, тарыхый аныктамалардын, философиялык аң-сезимдин, логикалык ой-жүгүртүүнүн сырын алуу менен бирдикте ошол предмет

боюнча даярдык көрүү менен билим алуу навыктарына ээ болушат.

3. Текшерүү иш жазууда студенттер сөзсүз түрдө илимий булактарга, документтерге ж.б. илимий маалыматтарга таянуу менен мамлекеттик, мамлекеттик эмес архивдерди пайдалануу менен жазуулары керек.

4. Текшерүү иштер тетрадка жазылат. Текшерүү иштин алгачкы бетинде тема жана темага карата план түзүлүп, ошол пландын негизинде жазылат.

Планда текшерүү иштин логикалык түрдө байланышкан бөлүкчөлөрү:

1. Кириш сөз.
2. Главалар.
3. Жыйынтыктоо жазылат.
4. Жыйынтыктоодон кийин колдонулган адабияттардын тизмеси жазылат.

Главалар же подтемалар араб цифралары менен белгиленет.

Философиялык ойлорду, идеялардын негиздери кошумча булактардагы маалыматтардан каалаганча пайдаланса болот. Ар бир пайдаланган цитаталар сөзмө-сөз көчүрүлүп, ошол теманын мазмунун жана маңызын түзүү керек. Сөзмө-сөз цитатаны колдонгондо кош чекит коюлуп, тырмакча ачылып цитата же, пайдаланылган маалымат жазылып бүткөндөн кийин тырмакча жабылат.

Цитата келтирилгенден кийин ар бир барактын астына ссылкалар көрсөтүлөт. Ошол барактагы көрсөтүлгөн боюнча 1,2,3 деп номерленет. Барактын астына кайсыл илимий булактан алынгандгы жөнүндө библиографиялык справка берилет.

Мисалы:1.Караев О.Чагатай улусу. Бишкек 1995г.520 бет.

Библиографиялык справкалар көрсөтүлгөн ссылкалар катар номери боюнча жазылып, ал ссылканын үстүнөн сызыкча коюлат.

Окуу куралдарынын жана журналдардан, газеталардан алынган цитаталардан ссылкалары төмөнкүдөй тартипте жазылат.

1. История Кыргызской ССР т-1 Фрунзе 1984 стр.530.

2. Кыргыз Туусу №56 Бишкек 1998-ж.

Текшерүү иштин аяк жагында жыйынтыктоо сөзүн берсе болот. Жыйынтыктоо сөзүндө ошол теманын тарыхый мааниси, проблемалуулугу, илимийлүүлүгү чагылдырылат.

Жыйынтыктоо сөзүнөн кийин адабий булактардын тизмеси төмөнкү тартип боюнча берилет.

1. Классиктердин эмгеги.

2. Эл аралык уюмдардын жана мамлекеттик официалдуу документтер.

3. Илимпоздордун эмгектери, монографиялары, диссертациялары.

4. Журналдык макалалар жана окуу китептери.

5. Энциклопедиялар, сөздүктөр, справочниктер.

6. Архивдик материалдар жана башка материалдар.

7. Илимий изилдөөлөр, эмгектер.

- Текшерүү иш көрсөтүлгөн вариант боюнча жазылат.

Берилген вариант боюнча жазылбаган иш кайтарылып берилет.

- Текшерүү иштин сырткы бетинде фамилиясы, аты, атасынын аты группасы жөнөткөн датасы көрсөтүлүүсү тийиш.

- Жазуу иши так жана интервалды сактоо менен эскертүүгө орун калтыруу менен жазылат.

- Аткарылган текшерүү иш окуу графиги боюнча өз мөөнөтүндө сырттан окуу бөлүмүнүн деканатына тапшырылат.

- Туура эмес жазылган же зачет болбой калган текшерүү иш мугалимдин көрсөтмөсү боюнча кайрадан жазылат.

- Текшерүү ишти мыкты даярдыкта коргой албаса, же текшерүү иш туура эмес болуп калса экзаменге киргизилбейт.

## ТЕМА: КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЛГАЧКЫ ЖАМААТТЫК ТҮЗҮЛҮШ

Мында Кыргызстандын аймагындагы уруулук түзүлүшкө чейинки коомго токтолуу менен аны үйрөнүү керек. Эң байыркы адамдардын эмгек куралдары таштан жасалган. Ошондуктан эмгек куралынын мүнөзүнө жараша «таш доору» деп аталган. Кыргызстандын аймагындагы таш доору 3 баскычка бөлүнөт.

Алар:

1. Эрте палеолит б.з.ч 800-140 миң жыл.
2. Ортоңку палеолит б.з.ч 140-40 миң жылдыктар.
3. Соңку палеолит б.з.ч 40-10 миң жылдыктарга туура келет.

Таш куралдардын эстеликтери Нарындан, Он-Арча суусунун боюнан, Ысык-Көлдүн Балыкчы шаарынын жанынан, Ош облусунун Кожо-Бакырган-Сай өңдүү жерлерден табылган.

Эрте таш доорунун эстеликтери 1953-жылы Он-Арча суусунун боюнан А.П.Окладников тарабынан табылган. Ошондой эле Ысык-Көлдүн батышындагы Балыкчы шаарынын жанынан Саламат-Булак комплекси ачылган. Бул комплекстин табылышы менен ахиль доорундагы адамдар айбанаттар дүйнөсүнөн биротоло бөлүнүп чыгуу менен, отту жана таштан жасалган эмгек куралдарын пайдалана билишкен.

Ортоңку таш доорунун эстеликтери Ысык-Көлдүн тескейиндеги Тосор суусунун жээгинен, Чүй суусунун оң жээгиндеги «Георгиевка» дөңсөөсүнөн, Ош областынын Капчыгай аймагынан табылган. Түндүк Кыргызстандан табылган эстеликтердин саны 4 миңден ашуун болгон.

Алар негизинен таш кыргычтар, кыргыч сымал учтуу таш куралдары жана башкалар болгон. Ал эми Капчыгайдагы эстеликтер боюнча бул жерде атайын таш чыгаруучу, таштан курал жасоочу, устакана болгонун далилдейт. Алар кремний ташын иштете билишкен. Соңку таш доорунун эстеликтери Алай өрөөнүнөн, Сары-Жаз аймагынын Ак-Чуңкур үңкүрүнөн бул доорго тиешелүү сүрөттөр табылган. Бул мезгилде эмгек куралдарынын жакшырышы менен соңку таш доорунда адам чарба жүргүзүүдө төңкөрүш (революция) жасашкан.

## КОЛО ДООРУНУН МАДАНИЯТЫ

Чарба жүргүзүүдө эмгектин алгачкы ири коомдук бөлүнүшү жүргөн. Чарба жүргүзүүнүн 2 түрү мал чарбачылыгы менен дыйканчылыктын өнүгүшү. Өндүрүштүн өнүгүшү менен эмгек куралдарынын жакшырышы, өндүргүч күчтөрдүн олуттуу тез өнүгүү процесси жүргөн. Андронов маданиятынын эстеликтери Талас, Чүй, Кетмен-Төбө өрөөндөрүнөн табылган.

Чуст маданиятынын эстеликтери Ош, Кара-Суу, Ноокат аймактарынан ачылган. Бул мезгилдеги адамдардын турак-жайлары Оштун Сулайман-Тоо аймагынан жана башка түштүктүн Фергана өрөөнүнүн көп жерлеринен табылган. Бул мезгилде материалдык өнүгүү менен катар эле адамдардын ой жүгүртүүсүнүн өсүшү, руханий дүйнөсүнүн өнүгүшү менен маданият калыптанган. Буга тиешелүү Саймалуу-Таштагы аска бетиндеги сүрөттөр.

Ошону менен бирге уруктан урууга өтүү дооруна токтолуу керек. Ата бийлигинин доору (патриархаттык) айырмачылыгын үйрөнүү зарыл.

Коло доорунун маданияттарынан: Чуст жана Андронов маданияттарынын эстеликтери табылган жерлерди билүү керек.

## ТЕМА: ТЕНИР-ТООНУН АЙМАГЫНДАГЫ БАЙЫРКЫ МАМЛЕКЕТТЕР САКТАР

Кыргызстандын аймагында жана ага чектеш аймактарда б.з.ч III к чейин сак уруулары жашаган. Сак этнониминин түпкү маанисине көңүл буруу керек. Сактар жөнүндө перстердин падышасы Дарий I дин жазып калтырган эстеликтери. Сактардын тили арий уруулары сүйлөгөн инди-иран тилинин диалектисинде болгон. Сактар жөнүндөгү антропологиялык маалыматтарга токтолуу керек. Сак уруулар бирикмелери тууралуу грек-рим авторлорунун: Геродот, Ксенофонт, Птоломей, Страбон жана башка ойчулдардын чыгармаларында Борбордук Азиядагы көчмөн уруулар жөнүндө маалыматтар көп. Бул авторлор сактарды «азиялык скифтер» деп аташкан. Сактар жоокер эл болгон, б.з.ч. I миң жылдыкта Борбордук Азиянын саясий окуяларына таасирдүү роль ойногон. Убагында перс падышасы Дарий I Теңир-Тоолук сактарды эмес, отурукташкан яксарттык сактарды багындырган.

Б.з.ч. I миң жылдыктын башында Теңир-Тоонун аймагында темирди иштетүүнүн пайда болушу менен жаңы доор б.а темир доору башталган. Темир доорунун башталышы менен кол өнөрчүлүк өнүгө баштаган. Дыйканчылыктан кол өнөрчүлүктүн бөлүнүүсү Ф.Энгельстин көз карашы менен айтканда эмгектин экинчи ири коомдук бөлүнүшү болгон.

Сактар Теңир-Тоо менен Жети-Сууну мекендеп, көчмөндүү турмуш тиричилиги жана коомдук жоокердик тартипте уюшулган, идеологиясы аскердик көз карашты камтыган уруулук бирикмелер болгон. Сактардын эстеликтери Кыргызстандын бардык аймагында кездешет. Кетмен-Төбөдөгү эстеликтер сактардын маданиятынын өзөгүн түзөт. Сактардын маданиятына тиешелүү курал-жарактар, ат жабдыктар Ысык-Көл, Нарын аймагында да көп кездешет. Сактар боз үйлөрдө жашап, мал чарбачылыгы

менен кесиптенген. Сактар жаратылыштын күчтөрү менен кубулуштарына сыйынышкан. Сактардын маданиятынын көрүнүктүү эстеликтери аска бетиндеги көркөм сүрөттөр-петроглифтер.

## Александр Македонскийдин жортуулу

Б.з.ч. 329-ж.А.Македонский Орто Азияга басып кирген. Фергана Кожент менен Бекабад шаарларынын аралыгына Александр Эсхата шаары курулган. Андан кийин Селевк мамлекетинин түзүлүшүнө токтолуу керек. Бул доордо Улуу жибек жолу калыптана баштаган.

Б.з.ч. II кылымдын ортосуна чейин кыргызстандын негизги калкын түзгөн сактар уруулук аскердик демократиядан эрте феодалдык мамлекетке карай өткөөл мезгилде жашашкан.

Сактардын журт которуусуна гунн (хунну) урууларынын тийгизген таасирине токтолуу керек.

## Гунндар (хуннулар)

Б.з.ч. биринчи миң жылдыкта жана анын экинчи жарымында көчмөндөрдө ири социалдык–экономикалык өзгөрүүлөр жүрөт. Алгачкы мамлекеттик түзүлүштөр пайда болот. Борбордук Азиянын бул тарыхый процессинде көчмөн уруулардын ичинен гунндар уруулук бирикмелери бул мезгилдеги болуп өткөн күрдөөлдүү окуялар менен тыгыз байланышта болгон жана чечүүчү ролдорду ойногон. Гунндар же (хуннулар, сюннулар) этникалык жактан ар түрдүү болгон уруулардын ичинен эң күч кубаттуу уруулук бирикмени түзүшкөн. Гунн же хунн уруулук бирикмеси же мамлекети сянби, түрк, уйгур, кыргыз сыяктуу мамлекеттердин түптөлүшүнө уютку болгон Борбордук Азиянын тарыхындагы биринчи держава б.з. I кылымында гунн уруулары экиге түндүк жана түштүккө бөлүнгөн. I кылымдын аягында түштүк гунндар түндүк урууларды талкалап,

Батышты көздөй жылган. Бул процесс IV кылымдын аягына чейин созулуп, Батыш Европага чейин гунн урууларыбаскынчылык саясатын жүргүзүшкөн.

375-76-жылдары гунндар Дунайдын жээктерине чейин кирип барышкан. Гунндар V кылымдын башында Чыгыш Рим империясына, андан кийин V кылымдын ортосунда Батыш Рим империясына коркунуч туудурган. Бул мезгилде гунн уруулары бирикмесине Аттила башчылык кылган. Гунндар Европада Галлиянын аймагын талкалаган. Аттилла жөнүндө гот тарыхчысы Иордан мындай жазат (VI к): «Ал элдердин жүрөгүн түшүрүү үчүн жаралган айбаттуу болгон. Согушту сүйгөн, кыска бойлуу, чымыр денелүү, кең көкүрөктүү, башы чоң келип, көздөрү жылжыгый келген. Сакалдары анда санда болгон жана кыска мурундуу болгон». Аны европалыктар «кудайдын каардуу букасы» деп атаган. 451-жылы Каталуан талаасында гунндар менен римдиктер, франктар ж.б. согуш болгон. Бул согушта Аттила жетектеген гунндар жеңилип калган да Чыгышты көздөй артка кайткан. 453-жылы Аттила дүйнөдөн кайткандан кийин гунн державасы кулаган, уруулук бирикмелер тарап кеткен. Ошентип адамзат коомунун тарыхында биздин замандын биринчи кылымынан V кылымдын аягына чейинки мезгил «Элдердин улуу көчүү доору» деген ат менен белгилүү болгон.

## Усун мамлекети

Теңир Тоонун аймагында жана Борбордук Азияда б.з.ч. III кылымдан б.з.V кылымына чейин тарыхый роль ойногон көчмөн элдердин бири-усундар болгон. Усундардын этникалык аталыштары кытай булактарында кездешет. Усундардын алгачкы ата журту б.з.ч. VI-IIIкк Ганьсунун батыш аймагындагы жибек урууларын сүрүп чыгышып ээлешкен.

Усундардын бийлик ээси - гуньма (күн бий) болгон. Усундар гуньмо Лаошаньдын тушунда б.а.165-160-

жылдары Теңир-Тоону жана Жети-Сууну ээлешкен. Усун мамлекетинин түзүлүшү б.з.ч. 161-158- жылдарга туура келет. Усундардын борбор шаары Ысык-Көл аймагындагы Чигу шаары.

Усундарга кытай элчиси Чжан Цяндын б.з.ч. 128-жылдагы сапары жана усун өлкөсү тууралуу маалыматтары. Усун мамлекети хунналар түзгөн империя сыяктуу эле көчмөндөр бийлеген монархиялык мамлекет болгон. Усун коомунда эрте феодалдык мамилелер өнүгө баштаган. Усундардын «тууганчылыкка негизделген» эки ага ынтымак союзунун түзүлүшү. Усун-кытай б.з.ч. 72-71-жылдардагы согуштук келишими. Хуннулардын Усун өлкөсүнө б.з.ч. 42–жылдагы кыйраткыч соккулары. Усундарга коңшулаш болгон Куча мамлекетинин мамилелери жөнүндө. Усундар көчмөн эл болгон. Алардын байлыгы жылкынын санына жараша өлчөнгөн. Кытай даректери боюнча: «байлары 4 миңден 5 миңге чейинки жылкы күтүшкөн. Усундар мал чарбачылыгы менен катар дыйканчылыкты да өнүктүрүшкөн». Усун мезгилинин V-VI кылымдарында Теңир-Тоодо жана Жети-Сууда өлүктү жарма көрлөрдө жана казанактуу көрлөрдө көмүү салты болгон. Буга чейин өлүктү чуңкурлап көмүү болгон. Ал түздөн-түз сак урууларына таандык болгон. Усун мезгилине тиешелүү Кең-Кол жана Кара-Булак маданияттарында өлүктү көмүү салты айрымаланып турган. Кең-Кол маданияты Талас, Кетмен-Төбө, Чаткал, Батыш Ферганада тараган. Бул маданиятка тиешелүү мүрзөлөрдө сөөк, арчадан жасалган табытка салынган жана ал тактай текчелерге коюлуп, алдына кийиз же камыш салынган. Ал эми Кара-Булак маданияты Баткен, Лейлек аймактарына караган. Мүрзөлөргө өлүктү мумиялап көмүү салты тараган. Ушул мезгилде Кыргызстан аркылуу Улуу Жибек жолу өткөн. Бул көчмөндөрдү эл аралык соода алакасына тарткан.

Б.з. I кылымында Усун мамлекетинин өз алдынчалуулугу. Усундарга Хань империясынын кысымынын күчөтүлүшү.

## ДАВАНЬ МАМЛЕКЕТИ

Кыргызстандын түштүгүндөгү отурукташкан маданиятты түзгөн Фергана өрөөнүндө Давань мамлекети негизделген. Ал чыгыш индия, иран тилинде «Паргана» деп аталган Давань мамлекетинин калкы өтө жыш отурукташкан. Чарбасы дыйканчылык менен даңкталган. Б.з.ч. IVк жасалма каналдар курулган. М:Өзгөн-Арык каналы. Кол өнөрчүлүк, карапачылык, токуучулук, зергердик иштери, курулуш ж.б. өнүккөн. Аларга Шоро Башат, Касан-Сай археологиялык жазуулары кирет.

Сооданын өнүгүшүнөн көп пайда түшкөн. Улуу Жибек жолу калыптана электе эле соода өнүккөн. Шаарлар абдан көп болгон, Давань мамлекетинин борбору Гуйшуань шаары болгон Өзбекстандын азыркы Касан шаары. Мамлекеттин саясий түзүлүшүнө көңүл буруу керек. Кытайлык императордун тыңчысы жана ошол доордогу тарыхчы Сыма Цзяндын саякаты. Кытайлыктардын миссиялык жүрүштөрүнөн улам Давань мамлекетинин борбору Эрши шаарына жылган. Ошондон баштап Эрши шаары Давань мамлекетинин борбору деп аталган. Кытай даректеринде б.з.ч. II-I кылымдардагы Давандын тарыхы менен маданияты кеңири жазылган. Давань шаарылары көп, кыштактарында калк жыш жайгашкан аймак болгон. Жылкылары менен даңазалаган, Фергана жылкыларына кытайлыктар көз артып турушкан. Давандыктар күлүк аргымактары менен сыймыктанышкан. Б.з.ч. XXI кылымда Чжан Цзяндын миссиялык саякаты болгон. Мында ушундай миссиялык сапарда Кытай Давандан жылкы берүүсүн талап кылган. Давандыктар менменсинген кытай элчисин өлтүрүп койгон. Шылтоо таппай турган кытайлыктар б.з.ч. 104-жылы Даванга 60 миң атчан аскерин жиберген. Бул

жүрүштө Кытай тарап жеңилип калган. Кийинки жүрүштөрдө да жеңилүүгө учурап, Давандыктар көз карандысыздыгын сактап калган. Давань мамлекетинин эстеликтери Араван тоо кыркаларындагы аска бетиндеги сүрөттөр. Ош шаарына жакын жердеги Айрымач Тоо аска бетиндеги жылкылардын сүрөттөрү далил. 90-105-жылы Давань мамлекетинин Кушан мамлекетине баш ийиши.

Б.з.ч.Vк орто ченинде Фергана өрөөнүн толугу менен эфталиттердин каратып алышы.

## ТЕМА: БАЙЫРКЫ ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРИ

Түрк элдеринин ата-бабалары хуннулар (гундар). Хуннулардын алгачкы мекени б.з.ч. VII-Vкк Борбордук Азия болгон. Алгачкы көчмөндөр цивилизациясын негиздеген хунналар бардык түрк тилинде сүйлөөчү элдердин ата-бабалары. Хунналар кытайдын Хуанхе дарыясынын боюнда жайгашкан, майда мамлекеттердин түндүк-батышында жайгашкан. Хуннулар менен Кытайдын ортосунда б.з.ч. 215-жылы катуу согуш болот. Хуннулардын чапкынынан корккон император Цин Улуу Кытай дубалын курууну баштаган.

Хуннулардын алгачкы падышасы Тоуман (Түмөн).

Анын жүргүзгөн саясаттарына токтолуу керек. Падышалык титул «шанүй» болгон. Модэ-шанүйдүн жүргүзгөн саясаттры.

Анын баскынчылык жортуулары «Жер - мамлекеттин негизи» деген саясаты. Кыргыздардын Модэ-шанүйдун империясына киргизилиши. Хуннулардын чарбачылыгы көчмөн турмуштун ажырагыс бөлүгү болгон.

Тери буюмдарын жасоо, устачылык, карапа жасоо, зергерчилик, металл куюу өнөрлөрү өнүккөн.

**Коомдук саясий түзүлүшү.** Шанүй жогорку жеке бийлөөчү болгон. Хуннулар оң канат, сол канат болгон саясий бирикмеден турган. Аймак 24 акимдикке бөлүнгөн.

Ар бир акимдик түмөн башы титулун алган. Хуннулардагы жерге (жайытка) менчик укугу болгон. Жамаатты менчик уруулук же уруктук болгон. Алардагы аскердик-демократиялык мыйзам күчтүү болгон. Диний ишенимдерине токтолуу керек. Үй-бүлөлүк мамилелери патриархалдык мүнөздөрүн билүү керек.

## ТЕМА: УЛУУ КЫРГЫЗ КАГАНАТЫ

VI-XIII кылымдарда Кыргыз каганаты Түштүк Сибирге Эне-Сай өрөөнүндө жайгашканы маалым. Хуннулар доорунда кыргыздар Монголиянын түндүк батышында Кыргыз коому айланасында б.з.ч. I к кыргыздар Эне-Сайга жыла баштаган.

### Кыргыз мамлеккеттүүлүгү тууралуу окумуштулардын ар кыл пикирлери

Хуннулардын падышасы Моде-шанүйдүн убагында кыргыздардын ага баш ийип туруусу. Бирок өз алдынчалуулугун жоготкон эмес. Хуннулардын мамлекеттинин модели кыргыздардын оң, сол, чөрдөндүк (ичкилдик ) болуп, уруулук негизде түзүлүшү б.з.ч. I кылымдын башында кыргыздардын бийлик башында Ли Линдин туруусу.

Б.з.ч. III кылымдын башынан тартып байыркы мамлеккеттүүлүктүн баскычына көтөрүлө алган: Бирок бул процесс Хунну империясынын курамына катылуу жолу менен ишке ашырылган.

## 770-711- жылдары кыргыз каганы Барсбектин курман болушу.

722-жылы Кытай ордосуна кыргыз элчиси бекзада Исибо Шэйуччин Бишинин барышы. 820-840-жылдардагы айыгышкан согушта кыргыздардын уйгур каганатын талкалашы. Ушул доордогу кыргыз мамлекети (Улуу кыргыз держасы) деп аталуу менен байыркы кыргыз мамлеккеттүүлүгүнүн жаңы бийиктиги болуп калган.

Улуу Кыргыз державасынын алгачкы өнүгүү жылдары уйгурлардын Отукенден IX- X кылымдарда сүрүлүшү.

Кыргыздын Борбордук Азиядагы жеңип алуулары 840-842-жылдары Куча (Аньси). Алардагы аскердик-демократиялык мыйзам күчтүү болгон. Диний ишенимдерине токтолуу керек. Үй-бүлөлүк мамилерлердин патриархалдык мүнөздө экендигин билүү керек. Беш–Балык шаарларынын Улуу Кыргыз державасына каратылышы.

Улуу Кыргыз державасынын мезгилиндеги маданияттын жана чарбанын өнүгүшү. Өлүк көмүү салттары. Руна сымал Эне-Сай жазмалары жана эстеликтери. Диний ишенимдери. Минуса ойдуңундагы кыргыз маданиятынын эстеликтери «чаа-тас» (согуш ташы) деп аталган коргон-мүрзөлөр.

VI-VIII кылымдарга тиешелүү «чаа-тас» маданиятынын өзгөчөлүктөрү.

Улуу Кыргыз Дөөлөтү мезгилиндеги тарыхый окуяларга Россиянын, Кыргызстандын, Кытайдын окумуштууларынын пикирлери:Н.Ф.Миллер, В.Шотт, В.Радлов, В.В.Бартольд, С.В.Киселев, А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, А.Байтур, О.Караевдердин көз караштары.

## УЛУУ ТҮРК КАГАНАТЫ

Түрктөрдүн Ашина уругу. Алар тууралуу айтуулар.

Түрктөрдүн келип чыгышы тууралуу уламыштар. Ашина уругунун күчтөнүшү Улуу түрк мамлекетинин VI-кылымдын ортосунда түптөлүшү.

Бумындын каган болушу. Мукан державасынын кулашы.

553-572-жж. Мукан кагандын бийликке келиши жана анын жүргүзгөн саясаттары. Улуу түрк каганатынын чыгыштагы жеңип алуулары.

Улуу түрк каганаты Евразиянын кеңири талааларын бирдиктүү көчмөн империяга баш коштурган орто кылымдардын эрте мезгилиндеги алгачкы ири жана кубаттуу мамлекет болгон. Истеми кагандын батыштагы жеңип алуулары Улуу түрк каганаттын Чыгыш, Батыш, Түрк кагандыктарга бөлүнүшү. Эфталиттердин жеңилиши. Иран менен болгон мамилелер, Улуу жибек жолу жана түрктөр.

Улуу түрк каганатынын Византияга элчилиги 568-жылы Византиянын императору Юстининан II нин Теңир-Тоого түрктөргө өз элчисин жөнөтүшү. Согду өлкөсүнүн түрктөргө өтүшү. Бумынга каршы саясат.

572-581-жылдары Таспар кагандын бийликке келиши.

Түрк каганатынын Кытай менен мамилеси.

Бурут жазмасы (582-ж). Анын маңызы жана мазмуну.

## ТӨӨЛӨС (ТЕЛЕ) УРУУЛАРЫ.

Түрк тилдүү калктын ичинен уруулардын эң ири саясий бирикмеси – төөлөс (теле) болгон. Төөлөс уруулар бирикмеси байыркы Хунну империясы куралгандан кийин өз алдынча болуп калган, бир катар элдер жана алардын уруулары баш кошуп турган. IV-V кк төөлөс уруу бирикмесине кирген элдер чыгышындагы Кангайдан, батышындагы Чыгыш Түркстан, Жунгарияга чейинки ири аймакта жашаган.

Биздин замандын IV к ортосунда Кытай тоолорунун этегинде жайгашкан күчтүү көчмөндөр империясы Жужан (жуан-жуан) каганаты түзүлгөн. Жужан эли байыркы монгол тилинин бутактарынын биринде сүйлөгөн.

Бул жужан империясы менен төөлөс уруу бирикмеси согушуп турган.

Төөлөс башчысы Мивотунун бийлик жүргүзүүсү (496-жылдары).

## ТӨРГӨШ КАГАНДЫГЫ

Төргөштөр он уруу элинин улуу конфедерациясына кирип, Чүй менен Иле дарыяларынын аралыгында жашашкан.

Төргөштөрдүн династиясынын башына Үч-Элик кагандын бийликке келиши (704-706). Сакал кагандын Тан династиясынын аскерлери менен салгылашуусу. Ансиге жортуул (709) Чыгыш Түрк каганатына каршы кытай түзүлүшү. Сулук-Чабыш-чордун (716-739-жж.) бийликке келиши. Сулук-Чабыш-чордун Харасанда арабдарды жеңүүсү. 737-жылдагы катуу салгылашууда арабдардан Сулук-Чабыш-чордун аскерлеринин жеңилиши. Кагандын өлтүрүлүшү. Төргөш каганаты бул жеңилүүдөн кийин таркап кеткен.

## КАРЛУКТАРДЫН МАМЛЕКЕТИ

«Карлук бодун» же карлук эли байыркы түрк рун даректери боюнча түштүгүнөн Монголдун Алтайынан Балкаш көлүнө чейинки түндүгүнөн Трабагатай тоолорунан берки аймакты ээлеген көчмөн уруулардын күчтүү бирикмеси болгон.

VII кылымдын башында эле Тохарстандын аймагында турган карлуктар «жабгу» титулун алган.

Карлуктардын басмылдардын, уйгурлардын бириккен күчтөрү 744- ж Чыгыш түрк кагандыгын талкалашы.

Борбордук Азиянын күчтүү уруулук бирикмесинин башына (744-840) Элетмиш-билге каган отурган.

748-жылы кытай аскерлеринин  Чүй өрөөнүнө кол салып, Суяб шаарын басып алышкан.

751-жылы Кытай аскерлеринин кууп чыгарууда карлуктардын ролу.

766-жылы Огуздар менен узак согуштан кийин Ысык-Көл ойдуңун, Талас өрөөнүн карлуктардын ээлеши. 791-жылдан 812- жылга чейин карлуктар менен уйгурлардын согушу.Уйгурлардын жеңишке жетишүүсү.

812-жылы арабдардын карлуктарга кол салуусу.

893-жылы Саманийлик Исмайылдын карлуктарга жортуул жасоосу. Анда карлуктардын каганы Огулчак Кадырдын багынып берүүсү.

Исмайыл Таласка, Чүй өрөөнүнөн Меркеге чейин бийлигин жүргүзөт.

Саманийлердин басып кирүүсү менен ислам дини жайыла баштайт.

## ТЕМА: КАРАХАНИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИ Х КЫЛЫМДАГЫ БОРБОРДУК ТЕҢИР-ТООНУН ЖАНА ЖЕТИ-СУУНУН КАЛКЫ

Караханий династиясынын этникалык теги тууралуу окумуштуулардын пикирлери.

Жазма булактарда ХI-Х кылымдарда Борбордук Тенир-Тоонун жана Жети-Суу аймагында жашаган күчтүү уруулардын бирикмеси.

Жусуп Баласагундун, Махмуд Кашкаринин караханий уруулары жөнүндөгү маалыматтары В.В.Бартольд, Э.Р.Тениевдин, В.В.Григориевдин караханий мамлекети жана анда жашаган уруулар жөнүндөгү маалыматтары.

Караханий мамлекетинин түзүлүшү Борбордук Теңир-Тоонун калкынын ислам динин кабыл алышы менен шартталат.

Караханий каганадарынын ичинен исламды Сатук Богра хан Абд ал-Керим кабыл алган Караханийлер Борбордук Тенир-Тоону жана Жети-Сууну басып алгандан кийин батышка жылган.

992-жылы калган Харун Богра хан Бухарага жортуул жасап, аны каратып алат.

999-жылы караханий каганы Элик Насырдын саманийлердин борбордук Бухарага экинчи жортуул жасаган.

1006-ж. Элик Насырдын Газнавиддерге кол салуусу.

Караханид мамлекетинин XI кылымда Борбордук Азиядагы күчтүү державага айлануусу.

Караханид мамлекетинин Чыгыш жана Батыш кагандыкка бөлүнүүсү.

Кагандыктын ичинде пикир келишпөөчүлүктөрдүн келип чыгуусу. Чыгыш Караханий мамлекетинин каганы Кадыр хандын уулу Торгул хан Баласагун шаарын ордо шаар катары тутушу. Эӊ кооз шаарлар курулган. Баласагун, Барскоон, Кочкор- Башы, Ат-Башы сыяктуу ордо шаарлар болгон.

Өзгөн шаары курулуп, суу түтүктөр, керамика, чопо идиштер чыгарылган. Кол өнөрчүлүк абдан өнүккөн. Айнектер чыгарылган XI к. акыркы чейрегинде XII к. башталган. Караханийлер мамлекетинде (Күмүш кризиси) башталган. Караханийлер мамлекетинде сириялык, уйгур, араб жазуулары пайдаланып, тышкы экономикалык, маданий байланышы өнүккөн. Ислам дини негизгиси болгон.

Караханийлер мамлекетинде искусство, адабият, сүрөт, билим берүү, изилдөө иштери абдан өнүккөн.

## Кидандардын каптап кириши
## Караханийлердин аларга каршы күрөшү

1125-жылы кидан урууларынын бир бөлүгү Елүй Дашынын башчылыгы менен батышты көздөй жылган. 1128-жылы Кидандар Чыгыш Караханий мамлекетинин каганы Ахмед ибн Хасандын аскери талкаланат. 1130-жылы Кидандардын гурханы Елуй Даши Уйгурстан аркылуу өтүп, Эмил дарыясына чейин келип, Чыгыш Караханий мамлекети 1137- ж толугу менен каратылат.

Батыш Караханий мамлекетинин аскерлери менен кидандардын ортосунда 1141-жылы 9-сентябрдагы Улуу Катван салгылашуусу батыш Караханий мамлекетинин аскерлери жеңилип кидандардын кол астына өтөт.

1208-жылы Эртичи дарыясынын боюнда Чынгыз хан талкалаган меркиттер менен наймандардын жетекчиси Кучлуктун гурханга кызмат кылышы.

Кучлуктун, Алмалыкка, Самаркан, Фергана Шам аймактарына согуштук жортуулдары жана аларды кидандарга кыңк этпестен баш ийдирип турушу.

## Караханий мамлекетинин саясий түзүлүшү, чарбасы

Караханий мамлекетинде жер менчигинин икталарга бөлүнүшү. Мамлекеттин салыгы «хараж». «Вакуф» жер ээликтери. Дыйкандар «аккарлар» деп аталган. Алар жердүү, жерсиз болгон. «Айырлар» деп аташкан.

# ТЕМА: КЫРГЫЗСТАН ЧАГАТАЙ УЛУСУНУН ДООРУНДА

1226-жылы Чынгызхан жеңип алган жерлерин уулдарына бөлүп берген. Уулу Жучиге Кыялгыдан, Хорезмден тартып батыштын бүт жеткен жерлерине чейин, экинчиси Чагатайга - уйгур ээлигинен Жети–Суу, Самаркан,

Бухарага чейин, Үгөдөйгө - Эмил өрөөнүн, кичүү уулу Тулуй атасынын түпкү журтун ээлеген.

1241-жылы Жети-Суунун башкаруучусу Угөдөй дүйнөдөн кайтат.

1259-жылы Чагатай аймагынын башкаруучусу болуп Арык Бука такка отурат.

## ТЕМА: КЫРГЫЗСТАН ХАЙДУ, МОГОЛСТАН МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ДООРУНДА

XIII кылымдын ортосунда Тенир-Тоодогу Чынгыз хандын урпактары болгон. Хайду бийликти өз колуна алууга умтулган 1269-ж Таласта курултай өтүп, ага Угедай улусу менен чагатай улусунун төбөлдөрү чакырылып, Хайду хан көтөрүлөт. Ал 1269-1301-жылга чейин бийлик жүргүзөт. Тарыхта Хайду мамлекетинин аймагы батыштан Аму-Түркстанды камтып, Чагатай улусунун төбөлдөрүнө баш ийип турган. Чагатай улусунун төбөлдөрүнө баш ийип турган. 1269-жыл Хайду салык саясатын жөнгө салат. Акча реформасы жүргүзүлөт.

Кебек хандын бийлик жүргүзүүсү. Борбордун Каршы шаарына көчүрүлүшү. «Кебеки» аттуу акчанын 1346-жылы Казан хандын бийликке келиши. Хайду мамлекетинин жоюлушу.

### Моголстан мамлекети

Моголстан мамлекети Чагатай улусунун чыгыш бөлүгүндө пайда болгон. Биринчи ханы 1348-жылы Тугулук Тимур такка отурган. Ислам дини мамлекеттин Ийяйас Кожонун башкаруусу.

Моголстанды Темирдин аскерлеринин каратып алышы.

1390-ж Темирдин аскерлеринин кандуу жортуулдары. 1425-ж Темирдин небереси Улугбектин баскынчылык жортуулдары.

XIV кылымдын аягында Моголстандын чыгыш жагына ойроттордун (калмак) кол сала баштады. Вейс хандын Моголстанда бийликке келиши. Моголстандын саясий экономикасы.

## XVIII КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДА ЦИНЬ ИМПЕРИЯСЫ МЕНЕН КЫРГЫЗДАРДЫН МАМИЛЕСИ

1755-1758-жж. Цинь империясы Жунгар хандыгын талкалаган соң Чыгыш Түркстан жана Орто Азияга коркунуч туудура баштаган. XIII к 80-жылдары кыргыздар он уруу бирикмеси өз-өзүнчө административдик саясий бирдиктерге бөлүнгөн.

Сарбагыштарды Атаке бий, саяктарды Кадай бий, кушчуну Иваула бий, кытайды Муса бий, сарууну Сейит бий башкарчу. 1758-ж кытай аскери менен кагылышуусу.

1759-ж Чыгыш Түркстанды басып алышы.

1759-ж Кытай аскерлеринин жеңилиши.

## КЫРГЫЗ–КАЗАК ЧАТАГЫ. АБЛАЙ ХАНДЫН ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНГА ЖОРТУУЛУ

XVIII кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз, казак феодалдарынын мамилелери.

1760-ж. Орто жүздүк казак султандарынын кыргыздарга кол салуусу.

1771-1781-жж. Аблай хандын Чүйгө жасаган жортуулу.

«Жайылдын кыргыны» салгылашуусу. Жайыл баатырдын, Бишкек баатырдын эрдиктери.

1786-ж. казак аскер башчысы Бердикожонун колго түшүшү.

## ТЕМА: КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КУРАЛЫП КАЛЫПТАНЫШЫ

Чыгыш жазма булактарында Минуса өрөөнүндө (б.з.ч. I миң жылдыктын 2-жарымында) жана Теңир-Тоо (б.з.ч. IX к баштап) жашаган кыргыздар жөнүндө маалыматтар кездешет.

Азыркы убакта кыргыздардын энтогенезиси жөнүндө ар кандай көз караштар бар. Белгилүү окумуштуулар Н.Я.Бичурин, С.Абрамзон, К.Петров Теңир-Тоо кыргыздарынын тегин Эне-Сай кыргыздарына байланыштырбай бири-биринен айырмаланган өз пикирлерин сунуш кылышат. Ал эми Ч.Валиханов, В.Радлов, Н.Аристов, В.Бартольд жана Н.Бернштам кыргыздардын бир бөлүгү ар кайсы мезгилдерде Тенир-Тоого көчүп келгенин ырасташат.

Ошондуктан Эне-Сай кыргыздары жөнүндөгү байланыш тууралуу окумуштуулардын көз караштарын терең талдап окуп үйрөнүү керек.

Эне-Сай кыргыздарынын Тенир-Тоого көчүп келиши.

840-жылы Эне-Сайлык кыргыздар Ордо-Балыкты басып алгандан кийин Чыгыш Түркстанга жыла баштаган. Эне-Сай кыргыздарынын IX-X кк. саясий жактан жогорулап, Уйгур мамлекети талкалангандан кийин Теңир-Тоого келип, жайгашканын археологиялык табылгалар далилдейт.

Бул маселени изилдөөдө окумуштуулар V-XII кк аралыгындагы мезгилдерге таандык кылган Таластагы байыркы түрк рун жазуусунун зор мааниси бар.

Ал жазмалардын ээлери кыргыздар Минуса ойдуңунан Теңир-Тоого IX к. келген. Эне-Сайлык кыргыздар 840-ж Беш-Балыкты ээлешип, X кылымдын баш чендеринде бул шаарды таштап, Манас дарыясынын өрөөнүнө жана андан аркы батыш аймактарына жайгашкан.

С.М.Абрамзондун пикири боюнча IX-X кылымдарда кыргыз калкынын тобу Синьцзян аймагында пайда болгондугун далилдейт. Эне-Сай кыргыздарынын бир бөлүгү Тенир-Тоонун чыгыш түндүгүндө жайгашып, Караханийлер кагандыгынын түздөн-түз кошунасы катарында бул мамлекеттин калкы чигил, карлук, тухан, ягма ж.б. түрдүү байланышта болгон.

Кыргыз элинин калыптануу процессине кара кытайлардын (XII к) жана наймандардын (XIII) Орто Азия жана Казакстанга жылышы белгилүү ролду ойногон.

Бул боюнча кыргыз таануучулардын эмгектерине көп көңүл буруу керек.

## ТЕМА:КЫРГЫЗСТАН XVI ЖАНА XVIII КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДА

XVI кылымда кыргыздар Жети-Сууда көчүп жүрүшүп, Султан Халилдин кол астында болушкан. 1517-ж кыргыздардын өкүмдары Мухаммед кыргыз болгон. Ошол жылдары Мансур хан Султан Саид менен Султан Халилди жеңгенден кийин Мухаммед-Кыргыз Жети-Суу, Ысык-Көл, Кочкор өрөөнүнүн акими болгон.

Мухаммед-Кыргыз 1517-ж Сайраш, Ташкент, Түркстан-га кол салат.

Саид хандын Мухаммед-Кыргызга каршы жортуул-дары.

XVII кылымдын башында Чыгыш Түркстандын эң коркунучтуу башкаруучусу Абдар-Рахимдин уулу Абдаллах хан болгон.

Абдаллах хандын кыргыздарды жазалашынын себебине токтолуу керек. Бир жолу эле жазалоодо 10 миң кыргыз өлтүрүлгөн. Кийинчерээк хандын алдында кеңири кызматтарды кыргыздар аткарган.

Кыргыздар менен Түркстандын башкаруучуларынын ортосунда ынтымак түзүлүп, жанаша жашоо өкүм сүрөт.

## ТЕМА: КЫРГЫЗДАРДЫН XVI-XVIII КЫЛЫМДАРДАГЫ САЯСИЙ ТҮЗҮЛҮШҮ, ЧАРБАСЫ

Кыргыздардын XVI-XVIII кылымдарда негизги саясий административдик бирдиги ар бири өз алдынча болгон уруу бирикмелеринен турган.

Уруу бирикмелери өз ичинде оң канат жана сол канат деп эки территориялык саясий курамга кирген. Ар бир «канат» жыл сайын уруу бирикмелеринен жогорку бийлерди шайлашкан. Өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчик кыргыз коомун эки карама-каршы тапка: феодалдардын (бий, бай, баатыр) жана эксплуатациялангандардын (чайраке, кедей, кул)табына бөлүнгөн.

XVI-XVIII кылымдарда кыргыз урууларынын негизги тармагы көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгы болгон. Дыйканчылык Фергананын тоо этектериндеги райондордо абдан өнүккөн.

## XVII К ЖАНА XVIII КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДА КЫРГЫЗДАР МЕНЕН КАЛМАКТАРДЫН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕРИ

Батыш монголдордун түркчө аты калмактар, тарыхый адабияттарда алар жунгарлар (ойроттор ) деп аталышкан.

Калмактардын казак менен кыргыздардын каршы биринчи жортуулу 1643-ж. болгон, алар кыргыздардын көп жерин алган. Экинчи жортуулу 1652-ж. уюштурулган. Ойроттордун ханы алдан Галдан Бошок Орто Азияга жана Чыгыш Түркистанга 1678-ж. баскынчылык жортуулун баштаган. 1683-ж. Анжиянды, 1684-ж. Ошту талап тонойт.

1723-ж. Жунгар хандыгынын тактысына Цеван Равдандын уулу Галдан Цервен отургандан кийин жаңы жортуул уюуштурулган.

1727-ж калмактар Кетмен-Төбөнү талап тоношкон. 1736-1738-жылдары Галдан Церендин колу Бадахшанга үч жолу жортуул жасаган.

1749-ж май айында калмактардын кезектеги жортуулу болгон.

XVIII кылымдын экинчи жарымында Жунгарияда ич ара согуштардын күчөшү, боштондук кыймыл күчөгөн.

Боштондук кыймылды Жахан кожо, Абдаллах кожо, Анжиян кыргыздарынын башчысы Кубат мырза жетектеген. Жаркенттеген чечүүчү согушта ак тоолуктар жеңип чыккан. 1759-ж. Жунгария мамлекети толугу менен Цин империясынын кол астында калган.

## ТЕМА: КЫРГЫЗДАР ЖАНА КЫРГЫЗСТАН КОКОН ХАНДЫГЫНЫН КУРАМЫНДА

XVIII кылымдын экинчи жарымында кыргыз эли зор аймакты ээлеп турган. Кыргыздардын ээлиги чыгышта Кашкардан тартып, батышта Фергана өрөөнүндөгү Хожентке чейин, түндүктө Талас, Алайга чейин созулуп жатчу. Кыргыз уруулар бирдиктүү бир мамлекетке бириге албай, саясий жактан бытыранды бойдон кала берген.

1710-ж өзбек феодалы Шахрух бий кожолордон диний клерикалдык сокулар шериктигинен бийликти алуу менен хан көтөрүлөт. Шахрухтун уулу Абдуар-Рахимдин тушунда Кокон чебинин түптөлүшү.

1720-ж Хожентти бийлеп турган кыргыз бийи Акбото бийдин Кокон хандыгынын түптөлүшүнө тийгизген таасири. Акбото бийдин өлүмү. Кокон хандыгынын калыптанышынын башталышы. Кубат бий XVIII кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз уруу башчыларынын эң атактуусу, көптү билген көрөгөчү.

Ирдана бий менен Кубат бийдин мамилеси. 1760-ж Түштүк Кыргызстанды Кокон хандыгынын каратып алышы.

1770-1780-жылдары Нарбото бийдин хандык кылуусундагы кыргыз феодалдары менен мамилеси.


1801-1809-жылдары Алим хандын кыргыздарга талоончул жортуулдарды жасашы.

1809-1822-жылдары Омор хандын бийликке келиши менен Түштүк Кыргызстан толугу менен Кокон хандыгына каратылат. Кокон хандары кыргыз урууларынын ортосундагы чыр-чатактарды амалкөйлүк менен пайдаланган.


Кыргызстандын Кокон хандары тарабынан каратылышы, Орто Азиядагы абалды белгилүү даражада оорлоткон.

Кокон хандыгы элди аябагандай эзген. Мында салыктын түрлөрү абдан көбөйгөн. Хандын зекетчилеринин талоончулугу эмгекчи элди жакырчылыкка алып келген, алардын ырайымсыздыгына жана зордукчулугуна чек болгон эмес.

Салыктын түрлөрүнө жана башка эзүүнүн түрлөрүнө токтолуу керек.




XIX к. башында Кокон хандыгынын күч алышы




*Кыргызстанды Коокон хандыгынын каратып алышы*

## ТЕМА: КЫРГЫЗДАРДЫН КОКОН ХАНДЫГЫНА КАРШЫ КӨТӨРҮЛҮШҮ

Кыргыз эли хан тираниямына каршы дайым боштондук кыймылга чыгып турган. 1845-ж Алайлык кыргыздардын көтөрүлүшү болгон. Көтөрүлүштүн себеби Шералы хандын салык саясатына каршы багытталган. Көтөрүлүш Ош шаарын толугу менен кучагына алган.

1850-1860-жылдары Ташкентти башкарган Мырза Ахмеддин зордукчул аракеттерине каршы казак-кыргыздардын көтөрүлүштөрү болгон.

1862-ж. жазында Кокондо элдик толкундоолор болот.

Толкундоонун башында Алай кыргыздарынын акими Алымбек датка турган.

1867-ж. Алай кырыгыздары кайрадан көтөрүлүшкө чыгышат. Көтөрүлүштүн чыгуу себептерине, кыймылдаткыч күчтөрүнө, максатына токтолуу керек.


1871-ж. жазында Ферганадагы ири элдик көтөрүлүш чыккан. Бул сапар көтөрүлүшкө бостон уруусунан чыккан Искак Асан уулу жол башчы болгон. Аны тарыхчылар бекеринен «Кыргыз Пугачеву» деп атаган эмес. Ал жөнүндө профессор Т.Кененсариевдин «Искак Асан уулу Болот хан» деген китебинен окуу керек.

Андан Түндүк Кыргызстандын Кокон хандыгына каршы көтөрүшчүлөрдүн жетекчилери Шабдан, Атаке, Боромбайлардын жүргүзгөн саясаттары жөнүндө көрсөтүлгөн адабияттардан окуу керек.

Алымбек, Курманжан даткалар жана анын балдарынын жүргүзгөн иштери жана боштондук кыймылы боюнча саясий каражаттарынын маңызы жөнүндө окуу керек.

Кудаяр хандын тактыдан алынышы. Россиянын аскерлеринин көтөрүлүшкө каршы М.Д.Скоблевдин жетекчилик астында кириши.

1876-ж Болот хандын колго түшүшү. Андан кийин Кокон хандыгынын жоюлушу жана Россиянын карамагына 1876-ж 19-февралынан баштап Фергана областы деген наам менен бириктирилген.




*Орус империя аскерлеринин Борбордук Азияга басып кириши.*

## ТЕМА: КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯГА КАРАТЫЛЫШЫ

Кыргызстандын Россияга жакындашуусунун тарыхый өбөлгөлөрү жана себептерине токтолуу керек. Хандык эзүүнүн күчөшү, ырайымсыздык зомбулугу, элдин жакырчылыкта жашашы түрткү берген.

Кыргызстандын Россияга кошулушун тездетүүгө Россиянын чек арасынын жакындап кирип келиши бир мааниге ээ болгон. Ал эми Россиянын Орто Азияны, Кыргызстанды каратып алышынын аспектилерине токтолуу керек.

Мурдатан Россиянын территориясына улам жаңы жерлер коңшулук империя күчтөнүп келаткан.

Орус саякатчылары Жети-Суунун кооз жаратылышы, кен байлыктарына, Фергана өрөөнүнүн дыйканчылыгына, пахта сырьесуна көз артып келген.

Дүйнөлүк рынокто капиталисттик конкуренциянын атаандашуусу Россиянын Орто Азияга улам жакындаткан.

Алгачкы элчилердин 1853-жылы Шалтайдын көрсөтмөсү менен Чүй өрөөнүнүн калкынын атынан кайрылуусу.

1853-ж. сентябрда Боронбай башында турган Бугу уруусунун кайрылуусу.

1854-ж. Батыш Сибирь губернаторуна Ысык-Көлдүк кыргыздардын делегациясы.

1855-жылы 10 миң үй-бүлөдөн турган Ысык-Көлдүк кыргыздардын атынан ант берүүсү.

1862-жылы Чүй өрөөнү толугу менен Россиянын карамагына өткөн. 1863-жылы черик уруусу кайрылган. Түндүк Кыргызстанды Россия карамагына өткөрүүнүн демилгечилери төмөнкүлөр болгон: Атаке бий Тынай уулу, Качыбек Шералы уулу, Боронбай Бекмурат уулу, Шалтай Карабек уулу, Байтик Канай уулу ж.б. уруу башчылары болушкан.

Россиянын карамагына өтүүгө каршы чыккандар: Муратаалы, Балбай, Жангарач, Адыл, Көкүм, Маймыл, Чойбек, Чоңгарач сыяктуу уруу башчылары болгон.

Ал эми Түштүк Кыргызстандын Россияга каратылышы 1873-1876-жылдардагы Кокон хандыгына каршы элдик көтөрүлүштөрдү басуу себепкер болгон.

## ТЕМА: 1873-1876-ЖЫЛДАГЫ ЭЛДИК КӨТӨРҮЛҮШ

1873-1876-жылдардагы элдик кыймылдын өнүгүшүн чоң мезгилге бөлүүгө болот.

1-мезгил 1873-жылдын жазынан 1874-жылдын күзүнө чейин.

2-мезгил 1875-жылдын жазынан 1876- жылдын аягына чейин.

Көтөрүлүштүн биринчи мезгили Фергана элетиндеги элдик чыгуулар менен башталган. Элдик кыймылдар бир мезгилде төрт жерде башталган. Алар: Аксы, Эки-Суу арасы, Алай жана Түштүк-Батыш очоктору.

1873-жылы Анжиян вилаятынын көчмөн кыргыздары башында Мамыр Мерген уулу турган көтөрүлүш чыккан.

Мамыр 1874-жылы Тогуз-Торого келген. Бирок көтөрүлүш чачкын болгондуктан тез басылган.

1873-1876-жылдардагы элдик кыймылдын күчтүүсү Аксыда болгон. Ал көтөрүлүштүн башында Исках Асан уулу турган.

1873-жылы жаз айында 200 дөй кыргыз жигиттери менен Шер датка, Мусулманкул, Мусабек, Сулайман удайчы жана Абдымомундун коштоосунда Исках Асан уулу Аксыга келген. Чаткалдын, Ала-Буканын, Ак-Тамдын, Нанайдын, Кербендин, Падыша-Атанын тургундары Искахка кол берип, Кудаяр ханга каршы чыгышкан. 1873-жылы 29 жаштагы Исках «Болот хан»деген ат менен Аксынын Сафед-Буланында ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн.

Көтөрүлүштүн жүрүшүн адабияттардан даярдануу керек. Айрым далилдүү жерине токтолуп кетмекчимин.

1875-жылдын 25-сентябрда Кокон ханы Кудаяр хан ордону таштап качып кеткенден кийин Исках экинчи жолу Анжияндын жанында хан көтөрүлгөн.

Көтөрүлүштү басууга падыша өкмөтү аябагандай аракет кылган. Акыры көтөрүлүш басылган. 1873-1876-жылдардагы элдик көтөрүлүш ийгиликсиз аяктаган менен чоң тарыхый мааниге ээ. 1876- жылы 19-февралда Александр II Указга кол койгон.

Указда «1875-жылга чейин Кокон хандыгын түзгөн чөлкөм Империянын чегине киргизилсин жана андан ары Фергана облусу түзүлсүн» деп жазылган. 19-февраль деген дата Александр IIнин такка отурушуна 22 жыл толгондугуна карата болгон.

Исхак Асан уулу 1876-жылы 1-март күнү Маргалаң шаарында дарга асылган.

1873-1876- жылдардагы элдик кыймылдын максатын, мүнөзүн, карама-каршылыгын, жеңишин жана жеңилишин бириктирип турган Исхак Асан уулу тарыхый инсан катары таанымал. Көтөрүлүштүн жеңилиши, Кокон хандыгынын талкаланышы бүткүл чөлкөмдү, анын ичинен Түштүк Кыргызстанды Россиянын курамына кирүүсүндө.

## Курсту окуп үйрөнүүдө сунуш кылынган адабияттар:


1. «Ысык Көлдөгү археологиялык эстеликтер» -Ф. 1975-ж.
2. «Талас өрөөнүнүн археологиялык эстеликтери» -Ф. 1963-ж.
3. Бернштам А.Н. «Кенкөлдүк мазар» -Л. 1940-ж.
4. Бернштам А.Н. «Гунндардын тарыхый очерки» -Л. 1951-ж.
5. Урстанбеков Б.У. «Археология терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү» -Ф. 1985-ж.
6. Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. «Кыргыз тарыхы: кыскача энциклопедиялык сөздүк.
7. Ташбаева К.И. «Тянь-Шаньдын жана Алайдын алгачкы көчмөндөрүнүн маданияты»
8. Бартольд В.В. «Кыргыздар» Соч Т II -М. 1963-ж.
9. Кара уулу Өмүркул “Көөнө түрктөр тарыхы” -Б. 1994-ж.
10. Караева О.К. К вопросу о терминах кыргыз и хакас
11. Малов С.Е. “Илгерки түрктөрдүн жазмаларынын эстеликтери» 1951-ж.
12. Бартольд.В. «Кара кытайлар» Соч Т 5.
13. Караев О «Караханид каганатынын тарыхы» -Ф.1983-ж.
14. Абрамзон С.М. «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый маданияттык байланышы» -Л. 1971-ж.
15. Табышалиев С.Т. «Кыргыз элинин калыптанышы» -Ф.1991-ж.
16. Өмүрбеков Т.Н., Чоротегин Т.К. «Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы» -Б. 1995-ж.
17. Джамгерчинов Б.Ж. «Кыргызстандын политикалык тарыхынын очерки»
18. Плюских В.М. «Кыргызы и Кокондское ханство»
19. Усенбаев К.У. «Общественно-экономические отношения кыргызов в период господства Кокандского ханство» -Ф.1961-ж.
20. Терентьев М.А. «История завоевания Средней Азии»

21. Федеров Е. «Очерки национального о свободительного движения в Средней Азии»
22. Кененсариев Т. «Кыргызстандын Оруссияга каратылышы» -Б. 1994-ж.
23. Бернштам А.Н. «Архитектурные памятники Киргизии» -М. 1956-ж.
24. Абрамзон С.М. «Очерки культуры киргизского народа» -Ф. 1946-ж.
25. Абрамзон С.М. «Киргизы народы Средней Азии и Казахстана».
26. Анвар Байтур «Кыргыз тарыхынын лекциялары»
27. Солтоноев Б. «Кызыл кыргыз тарыхы» -Б. 1990-ж.
28. «Кыргызстандын эң байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы» ред. Чотонов У.
29. «Кыргыз ССРинин тарыхы» т-1-2 -Ф. 1986-ж.
30. «Кыргызы» /Источники,этнография,историограффия/ т-1 -Б. 1996-ж.

## АТА МЕКЕНДИН ТАРЫХЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮ ИШТЕРДИН ТЕМАЛАРЫ

Текшерүү иштерди тандап алууда төмөнкү таблицага ылайык фамилиянын баш тамгалары боюнча тандалып алынат. Ар бир студент көрсөтүлгөн шифр боюнча контролдук иштерди аткаруу керек.

| А.Б. | В.Г. | Д.Е. | Ж.З. | И.К. | Л.М. | Н.О | П.Р. | С.Т. | У.Ч |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 17 | 19 | 19 | 21 |
| 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 28 | 30 | 30 | 32 |
| 34 | 35 | 36 | 37 | 38 | 39 | 39 | 41 | 41 | 43 |
| 45 | 46 | 47 | 48 | 49 | 50 | 50 | 52 | 52 | 54 |
| 56 | 57 | 58 | 59 | 60 | 61 | 62 | 63 | 64 | 65 |

**ТЕМАЛАР:**

1. Кыргызстандагы алгачкы  общиналык коом.
2. Кыргызстандагы алгачкы уруулук союздар.
3. Байыркы гунн державасы.
4. Байыркы Давань мамлекети.
5. Кыргызстандын аймагындагы байыркы маданияттар.
6. Байыркы түрк мамлекеттери.
7. Карлук мамлекети.
8. Енисей кыргыздарынын каганаты.
9. Енисей кыргыздарынын маданияты.
10. Байыркы түргөш каганаты.
11. Енисей кыргыздары XI-XV  кылымдарда.
12. Чыгыш Түркестан кыргыздары X-XIV кылымдарда.
13. Караханид мамлекети.
14. Караханид мамлекетинин чарбалык жана саясий-экономикалык түзүлүшү.
15. Ж.Баласагун жана М.Кашгари, алардын соцалдык философиялык көз караштары.
16. Кыргыздар «Улуу держава» мезгилинде.
17. Кыргыздардын маданияты VI-XII  кылымдарда.
18. Көчмөн элдердин маданияты.
19. Чынгызхандын Кыргызстанды басып алышы.
20. Кыргызстандын аймагындагы Чагатай улусу.
21. Хайду мамлекети.
22. Моголистан мамлекети.
23. Тимурдун Кыргызстанга жортуулдары.
24. Тимуриддердин державасынын түзүлүшү.
25. Моголистан мамлекетинин калкынын этникалык составы.
26. Кыргыз элинин калыптанышы.
27. Бартольд В.В., Бернштам А.Н., Ч.Валиханов
28. Ч.Валиханов кыргыз тарыхын изилдөөчүлөр.
29. Б.Солтоноев., А.Байтур., О.Караев - кыргыздардын улуу тарыхчылары.

30. Кыргыз элинин калыптанышы боюнча окумуштуу-тарыхчылардын ой пикирлери.
31. Енисей кыргыздары менен Тянь-Шань кыргыздарынын өз ара мамилелери.
32. Чыгыш Түркестандын башкаруучуларынын кыргыздар менен мамилелери.
33. XVII кылымда XVIII кылымдын биринчи жарымындагы кыргыздар менен калмактардын мамилелери.
34. Кыргыздардын Жунгар хандыгына каршы боштондук күрөшү.
35. Кыргыздардын XVI-XVIII кылымдардагы саясий түзүлүшү, социалдык мамилелери, чарбасы, соодасы.
36. Абдылах хан анын кыргыздарга жортуулу.
37. Калмактардын Орто Аралга басып кириши.
38. Кокон хандыгынын түзүлүшү.
39. Түштүк Кыргызстандын Кокон хандыгына каратылышы.
40. Түндүк Кыргызстандын Кокон хандыгына каратылышы.
41. XIX кылымдын биринчи жарымындагы Кыргызстандагы саясий көз караштардын өнүгүшү.
42. Кокон хандыгындагы налог системасы.
43. Кокон хандыгынын административдик-саясий түзүлүшү.
44. Түндүк Кыргызстандын Россияга каратылышынын саясий өбөлгөлөрү.
45. Орус экспедициларынын кыргызстанды изилдеши.
46. Хандык эзүүгө каршы кыргыздардын көтөрүлүштөрү.
47. Болот хан- кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн жетекчиси.
48. Кыргыз эл башчылары жана алардын Кокон хандыгынын саясий системасындагы ролу.
49. XIX-кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз элинин маданияты.
50. Кыргыздардын К.Касымовго каршы күрөшү.
51. Россиянын Түштүк Кргызстанды багындырышы.
52. Падышачылыктын административдик агрардык жана салыктык саясаты.
53. XIX кылымдын экинчи жарымында XX кылымдын башындагы социалдык-экономикалык өнүгүшү.

54. 1898-жылдагы Андижан көтөрүлүшү.
55. Кыргызстан 1905-1907-жылдардагы революциянын тушунда.
56. Кыргызстан 1907-1914-жылдарда.
57. 1916-жылдагы улуттук–боштондук көтөрүлүшү.
58. Кыргызстан февраль буржуазиялык–демократиялык революциянын тушунда.
59. Октябрь революциясынын жеңиши жана Кыргызстанда совет бийлигинин орношу.
60. Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы Кыргызстан-дагы саясий үгүт жүргүзүлгөн демократиялык уюмдар.
61. Кыргызстан чет өлкөлүк интервенциянын жана граждандык согуштун мезгилинде.
62. Кыргызстан жаңы экономикалык саясаттын мезгилинде.
63. Кыргызстандагы улуттук мамлекеттик түзүлүш.
64. 1928-1941- жылдардагы Кыргызстанда индустриялык өнүгүшү.
65. 1928-1941- жылдардагы айыл чарбасынын өнүгүшү.
66. 1928-1941-жылдардагы социалдык өнүгүшү.
67. Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде.

**Кыргыз уруу башчыларынын,хандарынын жана башкаруучуларынын бийлик кылуу мезгилдери.**

1.Б.з.ч. IVк- Улус хан
2. Б.з.ч. IIIк. Модэ Шанүй
3. Б.з.III к. Акбото Арстан хан
4. IV к. Кубат бий ( баатыр)
5. VII к. Кешик бий,Кол Жасан бий, Умай бий
6. 620-648-жж. Ишбара Ажан
7. 660-670-жж. Тор Ала Игреки
8. 680-711-жж. Барсбек хан (Инанчу Алп Билге)
9. 718-жж. Кутлуг Билге каган
10. 730-750-жж Калач хан
11. VIII к. Нарбото Арстан хан
12. 818-842-жж. Ава хан (Яглагар хан)
13. 1205-ж. Ырыс инал (Рыслар хан)
14. 1218-ж.Корлук хан,Мамык хан, Тайбука хан
15. XIII к. Жанкороз,Алым Арстан хан
16. XIVк. Домбул бий, Долон бий,Байгара бий,Жамбы бий
17. XVк. Тагай бий
18. XV-XVIкк. Ахмед хан, (Алача хан түштүк кыргыздарды башкарган)
19.XVI к. Мухаммет- кыргыз Түндүк кыргыздарды
Эреше хан
Бекарстан
Эштек
20.XVII к. Тейит хан,Көчөбай бек,(Сибир кыргыздарынын башкаруучусу) Койсары бий (Чоң багыш уруусунан Кашкар башкаруучусу)
21. XVIII к. Кубат бий (Кубат мырза ичкилик уруусун башкарган) Ажы бий( адыгине,ичкилик уруусун башкарган) Атаке баатыр( Тынай бий уулу,Сары багыш уруусунан,Чүй өрөөнүн башкарган)
22. XVIII -XIX кк. Ормон хан Ниязбек уулу(Сары багыш уруусунан,Түндүк кыргыздарды башкарган)

Жантай хан (Жантай Карабек уулу, манап, Сарыбагыш уруусунан.Кеминдин башкаруучусу)

23. XIX к. Жангарач Эшкожо уулу (Солто уруусунан, Чүй,Талас кыргыздарын башкарган) Боромбай Бекмурат уулу (Бугу уруусун башкарган) Турдумамат Toймат уулу (Черик уруусун башкарган)

24. XIX-XX кк.Алымбек датка (Алымбек парваначы, Алай кыргыздарын башкарган) Курманжан датка (Курманжан Маматбай кызы,Алай кыргыздарын башкарган) Шабдан Жантай уулу (Сарыбагыш уруусун башкарган)

25.1923-24-жж. Иманалы Айдарбеков Кара-Кыргыз автономиялуу областында ревкомдун председатели

26. 1927-37-жж. Абдыкадыр Орозбеков Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин председатели

27. 1927-33-жж.Ж.Абдрахманов- Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинин председатели

28. 1924-25-жж. Каменский (ЭЙДИС) Михаил Давыдович РКП(б)нын Кыргыз обкомунун биринчи секретары

29. 1925-29-жж. Узюков Николай Анисимович ВКП (б) нын областык комитеттин 1-секретары

30. 1927-29-жж. Шубриков Владимир Петрович ВКП(б) нын Кыргыз обкомунун жооптуу катчысы

31. 1929-30-жж. Кульков Михаил Максимович ВКП (б)нын Кыргыз Обкомунун жооптуу катчысы

32. 1930-33-жж. Шахрай Александр Осипович ВКП (б) нын Кыргыз Обкомунун 1-секретары

33. 1933-37-жж. Белоцкий Борис Львович ВКП (б)нын Кыргыз Обкомунун 1-секретары

34. 1933-37-жж. Исакеев Баялы Дыйканбаевич – Кыргыз ССРнин Эл комиссарлар Советинин төрагасы

35. 1937-39-жж. Вагов Алексей Власович- ВКП(б) нын Кыргыз Обкомунун БК КП(б) 1-секретары

36. 1937-40-жж. Боголюбов Николай Семенович
Кыргызстандын БК КП(б) 1-секретары
37. 1945-78-жж. Кулатов Төрөбай –Кыргыз ССРинин
Жогорку Советинин Президиумунун
Председатели
38. 1950-1961-жж. Раззаков Исхак Раззакович Кыргызстан
Компартиясынын 1-секретары
39. 1961-1985-жж. Усубалиев Турдакун Усубалиевич
Кыргызстан Компартиясынын 1-секретары
40. 1985-90-жж. Масалиев Абсамат Масалиевич Кыргыз
Республикасынын БК КП 1-секретары, Кыргыз
ССРнин Жогорку Кеңешинин Президиумунун
Председатели
41. 1990-2005-жж. Акаев Аскар Акаевич- Кыргыз
Республикасынын Президенти
42. 2005-2010-жж. Бакиев Курманбек Салиевич –
Кыргыз Республикасынын Президенти.
43. 2010-2011-жж. Отунбаева Роза Исааковна -
Кыргыз Республикасынын Президенти
44.2011-жыл 1-декабрь Атамбаев Алмазбек Шаршенович-
Кыргыз Республикасынын Президенти.

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1828 | 1840 | 1852 | 1864 | 1876 | 1888 | 1900 | 1912 | 1924 | 1936 | 1948 | 1960 | 1972 | 1984 | 1996 | Чычкан жылы |
| 2 | 1829 | 1841 | 1853 | 1865 | 1877 | 1889 | 1901 | 1913 | 1925 | 1937 | 1949 | 1961 | 1973 | 1985 | 1997 | Уй жылы |
| 3 | 1830 | 1842 | 1854 | 1866 | 1878 | 1890 | 1902 | 1914 | 1926 | 1938 | 1950 | 1962 | 1974 | 1986 | 1998 | Барс жылы |
| 4 | 1831 | 1843 | 1855 | 1867 | 1879 | 1891 | 1903 | 1915 | 1927 | 1939 | 1951 | 1963 | 1975 | 1987 | 1999 | Коен жылы |
| 5 | 1832 | 1844 | 1856 | 1868 | 1880 | 1892 | 1904 | 1916 | 1928 | 1940 | 1952 | 1964 | 1976 | 1988 | 2000 | Улуу жылы |
| 6 | 1833 | 1845 | 1857 | 1869 | 1881 | 1893 | 1905 | 1917 | 1929 | 1941 | 1953 | 1965 | 1977 | 1989 | 2001 | Жылан жылы |
| 7 | 1834 | 1846 | 1858 | 1870 | 1882 | 1894 | 1906 | 1918 | 1930 | 1942 | 1954 | 1966 | 1978 | 1990 | 2002 | Жылкы жылы |
| 8 | 1835 | 1847 | 1859 | 1871 | 1883 | 1895 | 1907 | 1919 | 1931 | 1943 | 1955 | 1967 | 1979 | 1991 | 2003 | Кой жылы |
| 9 | 1836 | 1848 | 1860 | 1872 | 1884 | 1896 | 1908 | 1920 | 1932 | 1944 | 1956 | 1968 | 1980 | 1992 | 2004 | Мечин жылы |
| 10 | 1837 | 1849 | 1861 | 1873 | 1885 | 1897 | 1909 | 1921 | 1933 | 1945 | 1957 | 1969 | 1981 | 1993 | 2005 | Тоок жылы |
| 11 | 1838 | 1850 | 1862 | 1874 | 1886 | 1898 | 1910 | 1922 | 1934 | 1946 | 1958 | 1970 | 1982 | 1994 | 2006 | Ит жылы |
| 12 | 1839 | 1851 | 1863 | 1875 | 1887 | 1899 | 1911 | 1923 | 1935 | 1947 | 1959 | 1971 | 1983 | 1995 | 2007 | Донуз жылы |

***Кыргызча жыл сүрүүнүн азыркы календарга ылайык жадыбалы***

**Тарых эмес адистиктер үчүн Ата Мекен тарыхы курсу боюнча тестин суроолору.**

**1.Адамдын келип чыгышы жөнүндөгү илим эмне деп аталат?**

а)этнография. б)археология. в)антропология. г) этнология.

**2.Жез жана таш доорунун ортосундагы мезгил эмне деп аталат?**

а) неолит б) энеолит в)мезолит г) палеолит.

**3.Андронов маданияты кайсы доорго таандык?**

а)коло доору б)таш доору в)жез доору г)темир доору.

**4.Сак деген соз эмнени түшүдүрөт?**

а)талаа бөрүлөрү б) эркин, күчтүү эркек. в) кулдар г) токой адамдары.

**5.Сактардын мезгили кайсы кылымдарга таандык?**

а) б.з.ч.VI-III кк б) б.з.ч II-I кк. в)б.з V-VI кк. г) б.з VI-IX кк.

6.Усун мамлекетинин борбору кайсы шаар болгон?

а) Баласагын . б) Чигучэн в) Кашкар. г) Эрши.

**7.Усундардын падышасы эмне деп аталган?**

а)каган б) ажо. в) кунбаг г)табгач.

**8.Эне-сай кыргыздарынын мамлекетинин башчысы ким болгон?**

а) Капаган б) Барсбек в)Билге г)Култегин.

**9.Кыргыздар биздин заманга чейинки 201 жылы мамлекетүүлүккө ээ болгон деп ким жазып калтырган?**

а) Бан Гу б) Сыма Цянь в)Ар-Рашид г)Хайдар.

**10.Давань мамлекети качан пайда болгон.**

а) б.з V-VI кк. б) б.з.ч I миң жылдык. в)б.з.ч V г) б.з.ч II-III кк.

**11.Давань мамлекетинин борбору кайсы шаар болгон.**

а)Эсхета б) Эрши в) Баласагун г) Гоючан.

**12. Кыргыздардын б.з.ч I к журту Чыгыш Түркстандагы Манас, Карашаар шаары жана Борохоро тоо кыркасы болгон деп ким жазып калтырган?**

а) Сыма – Цянь б) Бан Гу в) Гардизи г) Бичурин.

**13.Каракытай мамлекет башкаруусунун титулун атаныз?** а)Гурхан б)Хан в) Богдыхан г) Князь д) Каган

**14. Кыргыздардын " Улуу державалык" мамлекети кайсы мезгилде жашаган?**

а) IV-V кк. б) VII- VIIIкк в)IX- Хкк г)XI- XIIкк

**15.Кокон хандыгына каршы Ысык-Көл кыргыздарынын көтөрүлүшү качан болгон?**

а) 1840-ж б) 1841-ж в) 1842-ж г) 1845-ж

**16. Биринчи болуп XIX к. "Манас" эпосунан үзүндү жазган жана ага чоң маани берген окумуштуу.**

а) Н.А. Северцев б) А.П. Фудченко в) Ч.Ч Валиханов г) И.В. Мушкетов д) В.В. Бартольд

**17. XIXк. I жарымында кыргыздардын негизги дини**

а) Хрестян б) Ислам в) Буддизм г) Шаманизм д) Манихейство

**18. Кокон хандыгынын акыркы ханын атагыла**

а) Шерали хан б) Алим хан в) Малла хан г) Кудаяр хан

**19.Кокон хандыгына каршы Түштүк Кыргызстанда ири көтөрүлүш качан болгон?**

а) 1870-71-жж б) 1872-73-жж в) 1873-76-жж г 1878-80-жж

**20. Абдылдабек деген инсан ким болгон?**

а) Ири жер ээлөөчү б) Кокон ханынын уулу в) Ири мал багуучу г) Алымбек, Курманжан даткалардын уулу

**21. XIX к. II жарымында Түштүк Кыргызстандын саясий турмушунда көрүнүктүү роль ойногон Алай кыргыздарынын жетекчисин атагыла**

а) Нүзүп бий б) Мусулманкул в)  Медет датка г) Алымкул аталык д) Садыр  датка

**22..Кокон хандыгы качан   жоюлган?**

а) 1865-ж  б) 1868-ж  в)  1873-ж г)1876-ж

**23.Кокон хандыгына каршы Түштүк Кыргызстандагы көтөрүлүштүн жетекчиси.**

а) Исхак Асан уулу (Полот хан)  б) Сейиткул  в) Кубат бий г) Суранчы д) Малла хан

**24. Кокон хандыгы кайсы жылы түзүлгөн?**

а) 1709-ж б) 1710-ж  в) 1715-ж г) 1770-ж

**25. XIX к II жарымында Түндүк Кыргызстандагы кыргыздардын уруу бирикмесинде  жогорку бийлик кимге таандык болгон?**

а) ири мал ээллерине б) манаптарга   в) көпөстөргө г) казыларга  д) ири жер ээлерине

**26. XIX к. аягында ири  жер ээлерине жай мезгилинде кыска мөөнөткө жалданып  иштешкен, акысына акча алган эн кедей кишилер кандай аталган?**

а) малай   б) шерик  в) чайрикерлер г) мандикерлер

**27. Тайлак баатыр деген тарыхый инсан ким болгон?**

а) НарындагыКокондук эзүүгө каршы көтөрүлүш жетекчиси б) Кокон хандыгынын аймактык башкаруучусу  в) Талас кыргыздарынын бийи  г) бугу уруусунун д) Феодал жер ээлөөчүсү

**28. Өз доорунун таланттуу дипломаты жана саясий ишмери, Кокон  мамлекетинин өнүгүүсүнө зор салым кошкон XVIIIк. Түштүк кыргыздарынын  жетекчисин атаңыз?**

а) Нарбото бий б) Эрдана бий в) Кубат бий  г) Сейиткулбек

**29. Тарыхты  зат  түрүндөгү  булактар боюнча изилдеген  илим?**

а) Этнология  б) генеология  в) археология  г) хронология.

**30. Неолит  өзүнө  кайсы жылдарды камтыйт?**

а) б.з.ч. I мин жылдык б) б.з.ч II-I минжылдык  в) б.з.ч V-III мин жылдык г) б.з.ч II мин жылдык.

**31. Кайсы доордо адамдар отту пайдалана башташкан?**

а) Эрте палеолит доору б) ортонку палеолит доору в) соңку палеолит доору г) коло доору.

**32. Таш доору кайсы миң жылдыкка чейин созулган?**

а) 5 мин жылдык б) 8 мин жылдык в) 3 мин жылдык г) 2 мин жылдык.

**33.Кыргыздар Тениртоодо калыптанган деген пикирди кайсыл окумуштуулар айткан?**

а) Ч.Валиханов, Н.А Аристов, Н.Я Бичурин.б)Ю. Худяков,С Кляшторный.в) Н.Я Бичурин, Г.Ф Миллер, Ю. Худяков.г) Ю. Худяков, С Кляшторный,С.М Абрамзон.

**34.“ Кутадгу билигтин” автору ким?**

а) Махмуд Кашкари б) Абу-райхан Бируни в) Жусуп Баласагын г) Ибн Сина.

**35.Түрк тилдеринин сөздүгүн’ ким жазган.**

а) Махмуд Барскани  б) Жами в) Фараби г) Беруни.

**36..Арабдар менен кытайлардын ортосундагы салгылашуу кайсыл жылы болгон?**

а) 630-ж. б) 751-ж. в)840-ж. г) 603-ж.

**37.Давань мамлекети коңшу өлкөлөргө эмнеси менен даназаланып келген?**

а) сулуу кыздары менен б) малынын көптүгү в) азем буюмдары менен г) “Асман аттары”менен

**38. “Бурана” мунарасы качан курулган**? а) XI к. б) XIII к. в) XIV к. г) XVк. д)XVI к.

**39. “Шах Фазил” күмбөзү качан курулган?** а) XI-XII к. б) XV к. в) XIII к. г) XIV к. д) XVI к.

**40. Түрк каганынын негиз салуучусу ?** а) Огуз Хан б) Бумынь в) Сатук-Карахан г) Истеми каган

**41. Истеми каган Иранга Византия менен союз түзүү үчүн 586-ж элчиликке кимди жиберген?**

а) Земархты б) Матияхты в) Бумынды г) Тарду Бокен

**42. .Төргөш кагандыгынын негиздөөчүсү ким?**

а) Сакал каган б) Мохе Даган каган в) Уч-Элик каган г)Билге каган

**43.Түрктөрдүн желегинде эмненин сүрөтү тартылган?**

а) Бугунун б) Ай балтанын в) кылыч менен калканын

г) карышкырдын башы

**44.Өзгөн архитектуралык эстелиги кайсы доорго тиешелүү?**

А) Түргөштөрдүн мезгилине, б) Караханийлердин мезгилине. в) кокон дооруна. г) кыргыз державалыгы мезгилине.

**45. Кокон хандыгында Алимбек датка кандай бийликте болгон?**

а) Кокон хандыгынын ханы б) Хандыктагы биринчи вазир в) Амир-лашкер г) Наманганды н башкаруучусу

**46.Караханиддердин мамлекети качан экиге бөлүнгөн?**

А) 603-ж.б) 744-ж. в) 840-ж. г) 924-ж.

**47.Енисей кыргыздарынын дини?**

А) шаманизм. Б) ислам. В) буддизм. Г) христиан.

**48.Кокон хандыгынын негиздөөчүсү ким?**

А) Шахрух бий. Б) Алим хан. В) Сатух бура хан. Г) Истеми .

**49.Улуу кыргыз дөөлөтү качан түзүлгөн?**

А) 924-ж. б) 840-ж. в) 744-ж. г) 1004-ж.

**50.Кыргызстанга келген эн алгачкы монгол тилдүү элдер кимдер?**

А) татарлар. Б) монголдор. В) наймандар. Г) меркиттер.

**51Енисей кыргыздары монгол империясына качан каратылган**?

А) 1218-ж. б) 1293-ж. в) 1207-ж. г) 1209-ж.

**52.Уйгур каганаты качан кулаган?**

А) 840-ж. б) 940-ж в) 1002-ж. г) 603-ж.

**53.Кыргыз элинин калыптануу процесси качан бүткөн**.

А) XVI к . б) XV к. в)XX к. г)XIX к.

**54.Кокон хандыгы жашаган мезгил.**

А) 1709-1800-ж б) 1800-1889-ж в)1709- 1876-ж . г) 1607-1709-ж.

**55.Асман аргымактары кайсы өлкөгө тиешелүү болгон**.

А) кытайга б) Даванга в) Коконго г) Кыргызстанга.

**56. Кыргызстанда таш доорунун эстеликтери табылган жер.**

А)Он-Арча,б) Чигучен ,в) Давань,г)Ош.

**57.Маодунь деген тарыхый инсан ким болгон?**

а) Хан династиясынын императору б) Сактардын падышасы в)Гундардын ханы г) Давань мамлекетинин падышасы

**58.Усун мамлекетинин борбору Чигу шаары кайсы аймакта жайгашкан?**

а) Ысык-Көлдө б) Таласта в)Чуй өрөөнүндө г)Борбордук Теңир Тоодо г)Чыгыш Туркестанда.

**59. Март окуясы кайсы жылы болгон?**

А)2004-ж Б) 2003 –ж в) 2005-ж г) 2006-ж

**60.Кыргыз деген этноним кайсы мезгилден бери белгилүү?**

а) б.з.ч 201-ж. б) б.з.ч 103-ж. в) б.з.ч. 100-ж. г) б.з.ч 80-ж. д) б.з.ч 50 –ж.

**61.Александр Македонский б.з.ч. кайсы кылымда Кыргызстандын түштүгүнө жортуул уюштурган?**

а)VII б) VI в) б.з.ч.II к г)б.з.ч.I к

**62.Жунгар хандыгы кайсы жылы түзүлгөн?** а)1615-ж б) 1620-ж в) 1630-ж г) 1635-ж

**63.Караханийлер мамлекетинин башында ким турган?**

а)Халиф б) Эмир в) Манап г) Каган

**64. Аксы окуясы кайсы жылы болгон?**

А)2004-ж Б) 2005-ж в) 2003-ж г) 2001-ж

**65. Кыргызстандын эгемендүүлүгү кайсы жылы жарыяланган?**

А) 1992-ж б) 1991-ж в)1993-ж г) 1994-ж

**66.Энесай кыргыздарынын монголдорго каршы көтөрүлүшү качан болгон?**

а)1212-ж б) 1215-ж в)1218-ж г)1220-ж

**67. Караханийлер мамлекети кайсы жылдары жашаган?**

а)890-1050-жж б) 970-1090-жж в)940-1137-жж г)1004-1090-жж .

**68.Улуу Кыргыз дөөлөтү деген терминди 1- жолу ким киргизген**.

А) в. Бартольд, б) С. Абрамзон, в) Валиханов. Г) Ю Худяков.

**69.Тимур (Тамерлан) деген тарыхый инсан ким болгон**?

а)Тимуриддер мамлекетинин негиздөөчүсү б)Көрүнүктүү илимпоз в) ири жер ээлөөчү -феодал г) Чынгызхандын небереси

**70.Тимуриддер мамлекетинин борборун атагыла?**

а) Тараз б)Бухара в) Талас г) Самарканд

**71.Кыргыз урууларын чегинүүгө мажбурлаган Тамерландын небереси Улукбектин Түндүк Кыргызстанга жасаган жортуулу качан болгон**?

а)1420-ж б)1425-ж в)1433-ж г) 1440-ж д)1435-ж

**72. Кыргызстандын аймагындагы эң алгачкы мамлекеттер.**

А) Давань б) Моголстан в) Түргөш. Г) Моголстан.

**73. Енисей кыргыздарынын ажосу**

А) Култегин б) Барсбек в) Истеми г) Моде.

**74. 704-744-ж кыргызстанда өкүм сүргөн мамлекет?**

А)Уйгур каганаты б) карлук каганаты в) түргөш каганаты в) кыргыз каганаты г) караханий каганаты .

**75.Кыргыз тарыхын изилдеген казак окумуштуусу** .

А) Радлов б) Аристов в) Бартольд г) Валиханов

**76. Чигучэн жайгашкан аймак.**

А) Ысык -Көл  б) Талас в) Нарын г) Чүй

**77. Биринчи көчмөндөр империясын кимдер түзгөн?**

А) хуннылар  б) кыргыздар в) карлуктар г) кытайлар.

**78.  Кокон хандыгы качан жоюлган?**

А)  1876-ж.  б) 1298-ж.  в) 1976-ж.  г) 1809-ж.

**79. Шералы хан ким болгон?**

А) Кокон ханы  б) монгол ханы   в) уйгур каганы   г) карлук каганы.

**80.» Кыргыздар» деген тарыхый китептин автору ким** .

А) Бартольд  б) Батраков  в) Валиханов  г) Погорельский .

**81.К.Р биринчи конституциясы качан кабыл алынган?**

А) 1999-ж Б)1995-ж в)1993-ж г)1995-ж

**82.Кыргызстан кайсы жылы БУУга мүчө болгон?**

А)1993 б)1995 в)1997 г)1992

**83. К.Р туңгуч президенти ким болгон?**

А) К.Бакиев  Б) А.Акаев. В) Ф.Кулов. Г) А.Жумагулов.

**84. Кыргызстандын туңгуч премьер – министри.**

А) Н.Исанов б) А.Муралиев в) К.Бакиев г) Ф.Кулов.

**85.Кайсы жылы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200-жылдыгы  белгиленген?**

А) 2000-ж б) 2001-ж  в)2003-ж г)2002-ж

**86.Ош шаарынын 3000 миң жылдыгы кайсы жылы болгон?**

А)2000-ж б) 2002-ж в) 2004-ж г) 2005-ж.

**87.Орхон Енисей жазуусу Кыргызстандын кайсы жеринен табылган?**

А) Оштон Б)Таластан в)Чүйдөн Г)Нарындан

**88. XIX к аяг Кыргыздардын негизги жашаган үйү?**

А)Сокмо дубалдан жасалган үйлөр б) боз үйлөр в) жыгач үйлөр Г) кирпич үйлөр.

**89. Кокон хандыгынын тушунда Кыргызстандагы административдик аймактык структура?**

А)болуштук б) уезд в) вилает г) район.

**90. Гректер сактарды эмне деп аташкан?**

А) кыргыздар в) турлар в) скифтер г) гунндар**.**

**91.1916-ж көтөрүлүш эл оозунда эмне деп аталат?**

А)Боштондук кыймыл б) Үркүн в) Көтөрүлөш Г) стачка

**92. Орхон Енисей жазуусун биринчи жолу ким чечмелеп окуган?**

а) С.Г.Кляшторный б) В.В.Радлов в) И.Томсен г) И.Я. Бичурин д) А.И. Бериштам

**93. Качан Чынгыз хан бүткүл "Монголдордун ханы"деп жарыяланган?**

а)1201-ж б) 1219-ж в) 1210-ж г)1206-ж

**94. Рим менен доорлош Кыргызстандын байыркы шаары?**

а) Жалал-Абад б) Ош в) Кара-Көл г)Токмок д) Бишкек

**95. Талас өрөөнүндөгү 751-жылдагы салгылашуу кимдердин ортосунда болгон?**

а)кыргыздар менен түрктөрдүн б)төргөштөр менен карлуктардын в)арабдар менен кытайлардын г)наймандар менен монголдордун

**96. Гунндардын башкаруучусунун титулу?** а) Хан б) Гуньмо в) Ажо г) Шаньюй

**97. Сыма Цяндын "Тарыхый жазмаларында" байыркы кыргыздар кандай аталышкан**

а) Турктор б) хуннулар в) Кыргыздар г) Гянгундар

**98. Б.з.ч. 125- ж Давань мамлекетине чейин келген Кытай саякатчысы**

а)Сыма Цянь б) БаньГу в) Чжан Цзянь г)Ли Гуанли

**99. Орхон-Енисей жазуусу биринчи жолу ким тарабынан ачылган**

а) Д.Мессершмидт б) Н.Я.Бичурин в) В.Бартольд

г) А.Н. Беринштам

**100. Кайсы жылдары Кудаярхан Кокон хандыгына үчүнчү жолу бийликке келген?**

а) 1862-1863-жж. б) 1862-1875-жж. в) 1866-1868-жж. г) 1869-1872-жж.

## Мазмуну

Киришүү........................................................................................................ 3
Жалпы методикалык колдонмо…………………………………………………… 5
Кыргызстандагы алгачкы жамааттык түзүлүш………………………………… 8
Теңир-Тоонун аймагындагы байыркы мамлекеттер Сактар ………………….. 10
Байыркы түрк мамлекеттири……………………………………………………. 15
Улуу кыргыз каганаты……………………………………………………………… 16
Караханийлер мамлекети X кылымдагы борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун калкы………………………………………………………………… 20
Кыргызстан чагатай улусунун доорунда……………………………………….. 22
Кыргызстан Хайду, Могостан мамлекеттеринин доорунда…………………. 23
Кыргыз элинин куралып калыптанышы………………………………………… 25
Кыргызстан XVI жана XVIII кылымдын биринчи жарымында ………………… 26
Кыргыздардын XVI-XVIII кылымдардагы саясий түзүлүшү, чарбасы………… 27
Кыргыздар жана Кыргызстан Кокон хандыгынын курамында………………… 28
Кыргыздардын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшү...................................... 31
Кыргызстандын Россияга каратылышы………………………………………… 34
1873-1876-жылдагы элдик көтөрүлүш…………………………………………… 35
Курсту окуп үйрөнүүдө сунуш кылынган адабияттар:………………………… 37
Ата Мекендин тарыхы боюнча текшерүү иштердин темалары……………… 38
Темалар:…………………………………………………………………………….. 39
Кыргыз уруу башчыларынын,хандарынын жана башкаруучуларынын бийлик кылуу мезгилдери………………………………………………………… 42
Тарых эмес адистиктер үчүн Ата Мекен тарыхы курсу боюнча тестин суроолору…………………………………………………………………… 46

**Р.Ж.ЗУЛПУЕВА, З.И.КӨЛБАЕВА**

АТА МЕКЕНДИН ТАРЫХЫ КУРСУ
БОЮНЧА СЫРТТАН ОКУГАН СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН ОКУУ УСУЛДУК КОЛДОНМО
(биринчи бөлүк)
Жогорку окуу жайлары үчүн

Техредактор: Тойчубаев А.А.
Корректор: Оморов Р.С.

Басууга берди 21.02.2012, Кагаздын форматы 60x84 1/16 3,5 басма табак,
Буюртма 20, Нускасы 200

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236